УДК: 301.194.5 (575.2)

**Табылдыева Кундуз**
И.Арабаев атындагы КМУна караштуу Э.Маанаев атындагы ТСУББФ магистранты
**Табылдыева Кундуз**
магистрант ФИСПО им.Э.Манааева КГУ им.И.Арабаеа
**Tabyldyeva Kunduz**
master's FISPO named after E. Manaev KSU named after I. Arabaea

# КАРЫЛАРДЫН СОЦИАЛДЫК АБАЛЫН АНЫКТОО ЫКМАЛАРЫ

# МЕТОДЫ ОПРЕДЕЛЕНИЯ СОЦИАЛЬНОГО ПОЛОЖЕНИЯ ПОЖИЛЫХ

# METHODS FOR DETERMINING THE SOCIAL SITUATION OF THE ELDERLY

**Аннотация:** Бул макалада автор тарабынан коомдогу улгайган адамдардын абалын тескоого алган геронтология, социалдык иш илимдериндеги ыкмалардын манызын ачууга аракеттер кылынды. Автордун пикири боюнча жардам берүүго муктаж болгон ар бир карыган атуулдар менен ийгиликтуу иш алып баруу учун алардын мумкунчулукторуно, абалына жараша карылар тобун тузуу салттуу ыкма катары кенири жайылтылышы зарыл.

**Аннотация:** В статье автор пытается раскрыть сущность методов геронтологии, социальных наук, регулирующих положение пожилых людей в обществе. По мнению автора, для успешной работы с любым пожилым гражданином, нуждающимся в помощи, уются группы пожилых людей в зависимости от их способностей и статуса. Вместе с тем, определены широко применяемые методы в науке, как традиционно, так и инновационно.

**Resume:** In the article the author tries to reveal the essence of the methods of gerontology, social sciences, regulating the position of elderly people in society. According to the author, in order to successfully work with any senior citizen in need of assistance, groups of elderly people are drawn depending on their abilities and status. At the same time, widely used methods in science, both traditionally and innovatively, have been identified.
Resume: In the article the author tries to reveal the essence of the methods of gerontology, social sciences, regulating the position of elderly people in society. According to the author, in order to successfully work with any senior citizen in need of assistance, groups of elderly people are drawn depending on their abilities and status. At the same time, widely used methods in science, both traditionally and innovatively, have been identified.

**Негизги сөздөр:** коом, илим, адам, топ, улгайгандар, баарлашуу, ыкма, байкоо,

**Ключевые слова**: общество, наука, человек, группа, пожилые люди, общение, метод, наблюдение.

**Key words:** society, science, person, group, elderly people, communication, method, observation.

Учурда карыгандардын абалын ар тараптуу изилдоөгө алган бирден бир илим болуп геронтология эсептелинет

Геронтологиянын улгайган кишилердин ооруларынын өзгөчөлүгүн изилдөөчү жана аларды дарылоо, алдын алуу жолдорун иштеп чыгуучу бөлүгү. Геронтология - тирүү организмдердин картаюусуна себеп болгон жана аны коштогон биологиялык механизмдерди

жана процесстерди, ошондой эле картаюуну кечендетүүчү жана өмүрдү узартуучу ыкмаларды изилдөөчү илим Байкоо жүргүзүү ыкма ар бир карыны жашоо образын, мамилелерин, каада-салтын, үрп-адатын изилдеген илимдер антропология менен этнографияда өтө белгилүү. Бул ыкма салттуу билимдерди изилдөөдө, айрыкча, изилдөөнүн баштапкы баскычында пайдалуу. Байкоо жүргүзүүнүн негизги объектиси изилдөөчү иликтөө ишин жүргүзө турган жергиликтүү факт катары болушу мүмкүн. Карыгандардын маданиятын, салт-санаасын эске алуу менен изилдөөнүн максатына ылайык, экинчи бир булактардардагы маалыматтар менен таанышып чыгуу керек. Канчалык изилдөөнүн максаты менен милдеттери так белгиленсе, ошончолук байкоо жүргүзүү багыты, фокусу даана болот. Бул өз кезегинде байкоо жүргүзүлүп жаткан нерсеге карата иликтөө планын иштеп чыгууну жеңилдетет. Мындай байкоо жүргүзүү структураланган болот. Эгерде, изилдөөнүн максаты так аныкталбаган, чектелбеген болсо, байкоо жүргүзүү эркин, план менен чектелбеген калыбын алат, башкача айтканда бул структураланбаган байкоо жүргүзүү деп аталат. Изилдөөчүнүн байкоо жүргүзүү процессине аралашуусунун деңгээли боюнча пассивдүү жана активдүү түрү кездешет.

Карылардын турмуш жайына байкоо жүргүзүүдө адам баласында баамчылдык сапат бар. Ал эң жөнөкөй кубулуштардан тартып, курчап турган чөйрөдөн адам кайталанган көрүнүштөрдү жана болуп өткөн мыйзам-ченемдүүлүктөрдү байкап отуруп жыйынтыктарды чыгарып, жада калса, келечекти да алдын ала айта алат. Ушундан улам байкоо жүргүзүүнү таанып билүүнүн эң эски ыкмасы деп айтууга болот.

а) пассивдүү байкоо жүргүзүүдө, жүрүп жаткан ишке алыстан же сырттан тандалып алынган эң эле ыңгайлуу чекиттен байкоо жүргүзүлөт. б) активдүү байкоо жүргүзүүдө изилдөөчү жүрүп жаткан иштин бир катышуучусу катары аракет кылат, б.а. активдүү-негативдүү типке, перфекционисттик аң-сезимдери менен компульсивдүү адамдар кирет.

Пассивдүү-позитивдүү адамдар өзүлөрүнүн жетишкендиктерин жогору коюшпайт; пассивдүү-негативдүүлөр, өзүлөрүн саясатка, эгерде, анда өзүлөрүнүн милдеттери болсо гана тартууга мүмкүнчүлүк беришет, бирок, оюндан чыгууга мүмкүн болушунча аракет кылышат[1, с.13].

Биринчи күндөн тартып эле ишеничке кирүү мүмкүн эмес, ошондуктан изилдөө иштерин кыска мөөнөткө белгилөөнүн кажети жок. Ишеничке кирүү үчүн адамдар арасында бир топ убакыт жүрүү керек, жүргүзүлө турган изилдөө туурасында толук маалымат берип, коомго анын максаты жана мааниси канчалык экенин, кандай жыйынтык чыгаарын түшүндүрүп, изилдөөнүн жүрүшүнөн ал жамаат кандай пайда табаарын айтып берүү зарыл. Жергиликтүү элдердин тобунан изилдөөчү топтун анчейин айрымаланбай (тышкы келбети, кийинүүсү), «өз» киши болууга аракет кылуу керек. Жергиликтүү элдин тилинде, жада калса диалектисинде сүйлөй билүү да өтө маанилүү. Байкоо жүргүзүү изилдөө жүргүзүлүп жаткан объектиге жараша түрдүү убакытка созулушу мүмкүн. Эгер байкоо жүргүзүү объектиси катары жайыт алынган болсо, ал албетте, узакка созулган байкоо жүргүзүү болот.

**Байкоо жүргүзүү** учурунда алынган маалыматтарды анализдөө изилдөөчүнүн калыптанып калган стереотиптерден көз каранды болбошу шарт. Анализдөөдө кокустан кирип кеткен фактыларды байкоо керек жана ал жыйынтыктоодо корутундуга таасир бербеши зарыл. Байкоо жүргүзүү канчалык узакка созулса, байкоочу ошончо көп маалымат топтойт, ошондой эле, мыйзам ченемдүү көрүнүштү кокустуктан айрымалоо жеңил жана жыйынтыктуу болот.

**Карыларды адаптацияларын баамдооо интервью алуу жана анкеталоо** – социологдордун, башка коомдук илимдердин илимий изилдөөлөрүндө жана маалымат алууларында эң эле көп колдонулган ыкмалардан болуп саналат. Бул ыкманы салтуу билимди изилдөөлөрдө да ийгиликтүү колдонсо болот. Интервью алуу алдын ала даярдалган суроолор аркылуу маалыматтын ээси менен жеке баарлашууну билдирет. Бул жерде изилдөөчү интервью алуучу катары өзү суроо берип, жоопторду жаздырат. Интервью алууну сурамжылоонун түрү катары маалыматты алып жүргөндөргө жараша массалык жана эксперттик деп экиге бөлүп кароого болот. Эркин интервью ата-бабадан келе жаткан жашоо таржымалын шашпай айтып берүү менен коштолушу мүмкүн. Интервьюну жалпы суроолордон баштоо керек жана акырындык менен кызыктырган изилдөөнүн предметине сөз нугун бурса болот. Акыркы убакта оозеки баяндоо усулу илимий ыкма катары каралып жатканынын белгилеп кетүү оң. Оозеки баяндарды анализдөө окумуштуулар арасында талаш-тартышты жаратууда, бир даары оозеки түрдө алынган маалыматтарды объективдүү, так эмес дешет.

Маектешип жаткандарды инсан катары урматтап, сый мамиле жасап, сөз эмне жөнүндө болуп жатканын түшүнүп, сүйлөп берип жаткан адамдын оюн тең бөлүшүп, жадабай чыдап отуруп угууга даяр болуусу зарыл. Достук мамиле түзүп алуу өтө маанилүү. Эгер маектешүүчү адам улгайган кары киши болсо маектешүүнүн убактысын туура тандоо керек, ден-соолугуна, жашына көңүл буруу кажет, чаалыгып-чарчап баратса маектешүүнү токтотуп, ыңгайлуу убакыт келгенде уланткан оң. Бир канча убакыт өткөндөн кийин респондент менен кайра жолугууда жаңы кошумчалар, маалыматтар айтылышы мүмкүн. Топтук талкуулар. Керектүү маалыматты алуу үчүн бир топ киши ме- нен талкуу жүргүзүү практикаланып келет. Мындай усулду фокустук- топтук дисскуция деп да аташат. Фокустук-топ – өтө чоң эмес топтун (7-10 кишиден көп эмес) чогулуп бир маселени талкуулоосу. Изилдөөчү мындай учурда ортомчунун ролун аткарып калат. Ортомчунун интервьюерден айрымасы ал киши талкууну кылдат баш- карып, бардык катышуучуларга өз оюн айтууга мүмкүнчүлүк берип, сөз 28 нугун изилденип жаткан суроого буруп, талкуунун жүрүшү менен убакыт- ты көзөмөлгө алат. Топтук талкуунун убактысы 1,5-2 сааттан ашпашы ке- рек, себеби андан узак убакытта адамдар тажап кетет. Фокустук-топ талкуунун планын күн мурунтан даярдап алуу зарыл, бирок, талкуунун жүрүшүнө жараша ар кандай өзгөрүүлөргө ийкемдүү болуусу шарт. Суроолор көп болбошу керек. Эреже боюнча бир-эки негизги суроо, калгандары теманы ар тараптуу ачуучу кошумча суроолор болушу мүмкүн. Талкуунун алдында жакшы маанайды түзүп алуу керек. Керектүү учурда топту жаш өзгөчөлүгүн жынысын эске алуу менен да чогултууга болот. Кээде жаштар улуулардын, аялдар эркектердин күзүнчө ачылып сүйлөй албаган жагдай жаралышы мүмкүн. Өзгөчө суроолор аяр жана өздүк маселенин тегерегинде болгон учурларда бөлүп алып талкуулоо ыкмасы кездешет. Салттуу билимди жыйноодо талаа иликтөөлөрүн жүргүзүүдө төмөнкүдөй практикалык кеңештерди сунуштоого болот: - салттуу билимдерди изилдөө бардык эмпирикалык изилдөөлөр сыяктуу эле маалыматты тажырыйбалык жолу менен алууну көздөйт

**Социометрия ыкмасы** Социометрия методун америкалык психиатр жана социол психолог Д.Л.Морено негиздеген[2, с.55]. Социометрия методу личностгор аралык жана группалар аралык мамиленин өзгөчөлүктөрүн өнүгүү деңгелин, конкреттүү группанын мүчөлөрүнүн социалдык- психологиялык батышуучулугун ж.б. изилдөөгө мүмкүндүк берет. Ар кандай эле социалдык группада официалдуу эмес структуранын болору белгилүү. Бул

структурада личносттор аралык мамиледеги симпатия, антипатия, өз ара баа берүү процесстери калыптанат. Натыйжада группанын официалдуу эмес структурасында өз ара колдоочулук, өз ара таасир тийгизүүчүлүк, популярдуулук, лидерлик сыяктуу жана башка көрүнүштөр келип чыгат. Социометрия методу дал ушул официалдуу эмес структурадагы көрүнүштөрдү, психологиялык кубулуштарды үйрөнүүгө негизделген. Социометриялык изилдөө төмөнкүдөй тартип боюнча жүргүзүлөт. Эскерте кетүүчү нерсе, бул жерде анонимдүүлүктү сактоого мүмкүн эмес, мындай болбосо изилдөөнүн эффективдүүлүгүнө терс таасирин тийгизип коюшу мүмкүн. Ошондуктан экспериментатордун симпатияны-антипатияны билдирүү жөнүндөгү талабы, группанын айрым мүчөлөрүн тынчсыздандырып, ички кыйналууларды пайда кылып изилдөөгө катышпай эле коюга ниеттендириши мүмкүн. Бирок группанын ар бир мүчөсү өзүне жакындыгына, симпатиясьша, ишенгендигине ж.б. жараша группанын мүчөлөрүнөн тандоого милдетгүү. Социометриялык изилдөө эки формада жүргүзүлүшү мүмкүн. Биринчи формасында изилденүүчүнүн канча адамды "жагат" же "жакпайт" деп тандоосуна эч кандай сандык чек коюлбайт. Мисалы: группада 12 адам болсо, изилденүүчү группадагы өзүнөн башка 11 адамдын бардыгын тең жагат деп көрсөтүп коюшу мүмкүн. Изилдөөнүн бул формасынын жетишкен жагы катары группадагы личносттор аралык мамиленин көп түрдүүлүгүн жана эмоционалдуулук деңгээлин аныктоого мүмкүндүк бергендигин эсептөөгө болот. Бирок практикадагы группалардын өлчөмү 12-16дан жогорку адам сандарынан тургандыктан бул форманы колдонуу математикалык эсептөөлөрдү жүргүзүүдө, логикалык талдоолордо бир топ кыйынчылыктарды пайда кылат[3, с.78]. Экинчиден "кокустан тандап алуунун" ыктымалдуулугу өтө жогору. Мисалы: изилденүүчү ашыкча баш ооруну пайда кылбоо мотивинде "бардыгы жагат" деп жооп берип коюшу мүмкүн. Ал эми практикалык турмушта мындай болушу мүмкүн эмес. Бул учурда изилденүүчү группадагы өзүнө жакпаган же нейтралдуу мамиледе турган адамдарды деле жагат деп жалган жоопту берип койду. Изидденүүчүнүн өзүнө жакпаган адамдарды деле жагат деген жалган жоопторун "кокустан тандап алуу" деп айтабыз. "Кокустан тандап алуунун" ыктымалдуулугу канчалык төмөн болсо, изилдөөдөн алынган маалыматтын ишенимдүүлүгү ошончолук жогору болот [4, с.225].

**Референтометрия ыкмасы** Практикалык турмушта айрым адамдар өз группасындагы мамилелерден канаатгануу ала албайт б.а, алар үчүн группада авторитет боло турган адам жок. Алар өз группасынын мүчөлөрүне теңсинбей, кайдигер мамиледе болушат. Бирок, нормалдуу адам баласы эч качан 75 обочолонуп күн кечирүүнү каалабайт. Ошондуктан ал адамдар башка группалардан өзүнө тең келе турган досторду, көңүлдөштөрдү күтүүгө аракеттенишет. Ошолор менен карым катнашта, мамиледе болууга умтулушат. Психологияда мындай адамдардын тобунан түзүлгөн группаларды рефереренттик группалар деп аталат. Адамдын референтгик группасынын бар же жок экендигин, болсо кандай референтгик группанын мүчөсү жана анын таасири канчалык деңгээлде экендигин аныктоо үчүн ушул методиканы колдонууга болот. Бул метод боюнча изилдөө төмөнкүдөй инструкция боюнча жүргүзүлөт. Биринчи катарда түрдүү турмуштук кырдаалдардагы жасай турган жүрүм-турумуңуз жөнүндөгү суроолор берилген. Ушул суроолорго жооп берүү үчүн экинчи катарда жазылган адам топторун өзүңүзгө жаккандыгына жараша тандооңуз керек. Ар бир суроо үчүн экиден (ашык- кеми жок) топ тандалат. Мис: биринчи суроого "ата-энем жана досторум менен баргым келет" деп жооп

бергиңиз келсе, алардын тушуна 3дон 5ке чейинки баллды коюсуз Экинчиси - проблемага багытталган жардам. Ал кыска мөөнөттө аткарылып 4 айдан ашпашы керек

Ар бир кордукту башынан өткөргөн кары жардамга муктаж [5, 78-б.]. Бул проблемалардын негизин үйдөгү мамиленин начардыгы, оор психологиялык жагдай, туура эмес тарбиялоо стили, балага карата начар мамиле ж.б. түзөт. Узакка созулган жардам чет өлкөдөгү тажрыйбадан апынып 4 айдан ашык убакта чечиле турган социалдык психологиялык маселе. Социопсихологиянын максаты үй-бүлө системасын түп тамырынан бери өзгөртүү же ага таасир эткен жагдайды ылайыктап түзүү же таптакыр жоюу болуп эсептелет.

Жардам берүү төмөндөгүдөй формаларда жүргүзүлөт. Консультация (кеңеш берүү) өткөрүү - ишендирүү, мисал келтирүү, эмоциясын оңдоо, көңүлүн көтөрүү, кайрат айтуу ж.б. Ал бүт үй-бүлө мүчөлөрү же жеке адам менен өткөрүлет. Дагы бир метод мини-тренинг (кичине көнүгүү) бүт үй-бүлө менен да жүргүзүлөт. Ал педагогика, психология илиминен тушүнүк алуу менен башталып, тарбиялоо методдорун колдоно билүүгө жана адамдын ички дүйнөсүн түшүнүп жекече жана жаш өзгөчөлүктөрүн эске алууга көнүктүрөт. Социалдык-психологиялык тренинг ата-эненин педагогикалык- психологиялык билимин жогорулатып, өзгөчө кемчилдиги бар баланы тарбиялоого жардам берет. Социалдык-псшологиялык ыкмалар төмөгкүлөр;

- коммуникативдик (баарлашуу) ыкмалары уга жана сүйлөшө билүү, адамдын айтайын деген оюн бузбай угуу, түшүнө билүү, кеңеш берүү ж.б.;
- күнүмдүк турмуш жагдайларында өзүн кармай билүүгө, токтоолукка, сабырдуулукка үйрөтүү;
- баланы эрте билим алууга , өнүгүүсүнө, оюн, окуу жана колунан келген үй жумушу аркылуу тарбиялоо;
- группалык метод — адар бири-бири менен тажрыйба алмашып, кеңешип, аңгемелешип, кызыктырган суроолоруна жооп алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Жогоруда аталган методдор тез жана узакка созулган жардам берүүдө кеңири колдонулат. Ар бир үй-бүлө автономдуу, өзгөчө коом. Анын кылымдардан бери калыптанган үрп-адаты, туруктуу мамилеси, байланышы бар. Кээде эч ким билбеген таасирдүү ыкмалары өнүккөн. Өз абалдарын өзүлөрү эле оңдой алат. Жашоонун мааниси жана социалдык баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрүн изилдөөнү жана аларга таасир этүү, өз ара таасир этүү ыкмаларын жана каражаттарын колдонуу менен профилактика жүргүзүү.

Озгөчө **кары адам менен сүйлөшү**. Кардар менен алгачкы сүйлөшүүнүн максатты –анын социалдык тейлөөгө муктаж же муктаж эместигин аныктоо. Ачык-айрым туура кеп куруудан көп нерсени чечүүгө болот. Сүйлөшү аркылуу жүргүзүлгөн карым-катнаш кардардын жүрүш-турушун себебин тактап, социалдык кызматкенрдин кесиптик жөндөмдүүлүгүн, кардар менен болгон тыгыз байланышын далилдеп турат. Кардар менен сүйлөшү аркылуу социалдык кызматкер анын жан-дүйнөсү менен жакындан таанышып ички сырын сууруп чыгып, анын эмоцианалдык абалына байкоо жүргүзөт.

Мисалы, пенсионерлердин ыр хор ансамбли Каракол шаарында улгайган ардагерлерден түзүлгөн “Элдик хор” ансамбли атту хор ансамбли бар. “Элдик хордун” түзүлгөнүнө 25 жыл болгон, негизинден биринчи түзүлгөндө ал ыр хор ансамбинде согуш ардагерлери болгон. Бирок, азыркы учурда ал топко ырга-бийге шыгы бар пенсионерлерди да солист катары кабыл ала башташкан. Алар жылына бир жолу аймактарды кыдырып концерт коюп турушат.[6, кирүү 12.12.2020].

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Толстова Н. // Типология и классификация в социологических исследованиях. – М., 2012. – С. 7-22

2. Нурова С.С. Социальные сдвиги в современном Кыргызстанском обществе // Ориентир. Научный журнал ИСИ. -Б.2004. - №5.-С.55-58.

3. Мокрынин Н. Социальная интеграция пожилых, находящихся в трудной жизненной ситуации: / Редкол.: Н.Мокрынина и др . – М., 2012. –188с.

4. Салморбекова Р.Б. Основные причины социальной напряженности современной семьи: социологический анализ новых жилищных массивов вокруг города Бишкека. –Б., 2011. – С. 223-228.

5.Карашев А.А., Тарбинский О.С. Кыргызстанда жергиликтүү башкарууну өнүктүрүү.- Б.: Салам. 2002, 127-б.

6.Информационный портал Кыргызской Республики Сайт Соцфонда (www.socfond.kg). Кирүү: 12.12.2020.

**Рецензент: филос.и.к., доцент Бекбоева А.К.**